УД-25/22 Д7 ( түп нуска )
АД04-425/22-УД
Кыргыз Республикасынын атынан
Ө К Ү М
2022-жылдын 13-декабры Жалал-Абад шаары

Жалал-Абад облустук сотунун кылмыш жаза иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясы

Курамында төрагалык кылуучуО.А.Тункатаров,
судьялар У.К.Мукамбетов, К.К.Эстебесов,
сот отурумунун катчысы А.Б. кызы,
мамлекеттик айыптоочу А.Э.,
жактоочуД.К.,
айыпталуучу А.Б.Т. катышуулары менен ачык соттук отурумда Жалал-Абад облусунун хххх райондук сотунун 2022-жылдын 07-июлундагы өкүмүнө карата айыпталуучу А.Б.Т. жактоочусу Д.К.К. келтирген апелляциялык даттануусунун негизинде кылмыш иши каралды.

Өкүм боюнча: Т.А.Б., 19.08.1972-жылы Жалал-Абад областынын, хххх районунда туулган, улуту кыргыз, Кыргыз Республикасынын жараны, үй бүлөлүү, 6 баланын атасы, билими орто, убактылуу эч жерде иштебеген, мурда соттолбогон, Жалал-Абад областынын, хххх районунун, хххх айыл аймагынын, ххххх участкасынын №жок үйүнүн тургуну.

Т.А.Б. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 122-беренесинин 1-бөлүмү менен күнөөлүү деп табылып, ал боюнча 10 (он) жылга эркиндигинен ажыратылган.

Жазасын жалпы тартиптеги түзөтүү абактарында өтөсүн.

Жазаны өтөө мөөнөтү 2021-жылдын 24-октябрынан баштап эсептелинсин.
Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 80-беренесинин 5-бөлүгүнүн негизинде өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин камакта отурган бир күнү эркиндигинен ажыратылган бир күнгө барабар деп эсептелинсин.
Бөгөт коюу чарасы өзгөртүүсүз камакта бойдон калтырылсын, өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин жокко чыгарылсын.
Далил зат: 1 даана кара түстөгү толстовка, 1 даана “GLISSADE” үлгүсүндөгү үстүнө кийүүчү спорттук кийим, 1 даана кара түстөгү футболка, 1 даана кайыш кур (офицерский ремень), 1 даана көк түстөгү жынсы шым, 1 даана көгүш түстөгү трусы, 1 даана “хххххх” үлгүсүндөгү кол телефон, 1 даана сабы көк түстөгү, узундугу 24,5 см, туурасы 2 см болгон бычак, 1 даана сары түстөгү “ххххх” үлгүсүндөгү зажигалка жана М.М. каза болгон жерден алынган кандын катыганына окшогон жалбырактар жана топурак, өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин жок кылынсын.
Т.А. окуя болгон күнү кийип жүргөн 1 даана көгүш түстөгү жынсы шым, 1 даана көгүш түстөгү “ххххх” үлгүсүндөгү жакалуу толстовка, 1 даана күрөң түстөгү футболка, 1 даана күрөң боз түстөгү жеңи жок кийизден тигилген кемзир, 1 даана сабы жыгачтан узуну 85,8 см, башынын узуну 17 см, туурасы 15 см - кетмен, 1 даана кол араба (дөңгөлөгү 27 см жерден бийик, эки сабы бар, сабы менен узундугу 160 см, арабанын калагынын узуну 75 см, туурасы 60 см) – өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин мыйзамдуу ээсине кайтарылып берилсин.
Кылмыш ишинде тиркелген, тергөө экспериментинде шектүү Т.А.Б. өзүнө тааныш болгон М.М.А. кандай жагдайда өлтүргөндүгүн баяндап көрсөтүп берген

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда

көрсөтмөлөрү тартылган 17 минут 12 секундалык видео тасманын көчүрмөсүн камтылган DVD диск жана шектүү Т.А.Б.ти суракка алуу учурунда, ал жабырлануучу М.М.А. кандай жагдайда өлтүргөндүгүн баяндап айтып берген 9 минут 15 секундалык видео тасма, андан тышкары, шектүү А.Т. көрсөтмөлөрүн жеринде текшерүү учурунда, ал жабырлануучу М.М.ду кайсыл жерде, кандай жагдайда өлтүрүп, анын жансыз денесин жашыруу максатында өрттөп, денесин жарым-жартылай күйдүрүп, ээн талаадагы чуңкурга көмүп кеткендигин баяндап, көрсөтүп берген 9 минут 20 секунд, 0 минут 19 секунд, 0 минут 30 секунд жана 4 минут 27 секундалык кыска видео тасмалары камтылган дисктер, жазык иштин материалдарында тиркелүү бойдон калтырылып, жазык иши менен бирге сакталсын. (Төрагалык кылган судья – А.А.Айдыралиева)

Иш боюнча Жалал-Абад облустук сотунун судьясы К.Эстебесовдун иштин жагдайы, апелляциялык даттануунун жүйөлөрү жана биринчи инстанциядагы сот белгиленген жагдайлар боюнча жасаган баяндамасын угуп, соттук коллегия

Т А П Т Ы:

Т.А.Б., 2021-жылдын 08-октябрында xxxxxx районунун xxxxxx айыл аймагынын xxxxx айылына 24.07.1982-жылы туулган М.М.А.н үйүнө барып, ал күнү алардын үйүндө түнөп калып, эртеси 09-октябрь күнү түшкү убакта экөө чогуу xxxx районунун xxxx айылына келишкендигин, xxxx айылындагы борбордук базарында орун алган дүкөндөн Т.К., Т.Т., М.М. болушуп спирт ичимдигин ичишкендигин, кечки саат 20:00 чамасында А.А. автоунаасын 150 сомго жалдап, М.М. жана А.Т. экөө А.Т. xxxx районунун xxxx айыл аймагынын xxxxx участкасындагы үйүнө барышып, болжол менен 23:00 чамасында үйдүн алдынан уруша кетип, үйдүн сыртындагы кире бериш жериндеги дубалдын текчесинде турган бычакты алып, М.М.ду ичинин жогорку жагына бир жолу сайып жибергенде, М.М. алган жараатынан улам окуя болгон жерден 10 метр басып үйдүн артына барып каза болгондугун, андан кийин анын жансыз денесин өзүнүн күрөң түстүү бир дөңгөлөктүү кол арабасына салып, үйүнөн кетмен алып, араба менен өлүктү сүйрөп, үйүнөн болжолдуу бир чакырым алыстыктагы xxxxx айылын жана xxxxx айылынын үстүнкү түндүк тарабына алып барып, адырдын чуңкур жерине М.М.дун өлүгүн таштап, ошол жердеги чөптөрдү кошуп өрттөп, анын жансыз денеси толук күйүп бүтө электе алып барган кетмени менен үстүнө топурак үйүп окуя болгон жерден изин жашырып кеткен деп айыпталган.

Сот жогорудагыдай өкүм кабыл алган.

Соттун өкүмү менен макул болбой айыпталуучу А.Б.Т. жактоочусу Д.К.К. апелляциялык даттануу келтирип, анда, иштин ичиндеги 22.10.2021-жылдагы С. №49 сандуу корутундусунда каза болгон "М.М.А.н өлүмүн себебин аныктоого мүмкүнчүлүк болгон жок" жана “денесиндеги жарактары жапайы жаныбарлардын тиштеринен пайда болушу мүмкүн”- деп так көрсөтүлүп тураарын, ал эми башында, сырткы половой органдарында жана бут тарабында эч кандай жаракаттар жок жана канында этил спирти жок экендигин, эгерде каза болгон М.М.тун өлүмүн себеби аныкталбаган болсо, ал спирттик ичимдиктерди ичпеген болсо, кайсыл жол менен каза тапкандыгы белгисиз деп эсептээрин, үй-бүлөлүк чыр-чатактан өзүн-өзү өрттөп жибергенби, ууланып өлгөнбү, же уктап калганда жапайы жаныбарлар жеп салгандыгы белгисиздигин, болгону жактоосундагы А.Т. көрсөтмөсүнөн бөлөк көрсөтмөсү, воспроизведениеси, тергөө эксперименти эч кандай далил жок деп эсептээрин жана А.Т. өзүнүн көрсөтмөсүн ар кандай убакытта өзгөрткөнгө укуктуу экендигин, дайындалган соттук-биологиялык экспертизанын 24.10.2021-жылдагы №119 сандуу корутундусу боюнча каза болгон М.М.тун кан группасы O(1)H анти-А, анти-В К изогемагглюгини менен А.В.О. системасы боюнча антиген-Н топтук

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда

бөлүкчөлөр экендиги аныкталгандыгын. Ал эми, бул корутундуда жактоосундагы А.Т. кан группасын аныкталбастан, белгисиз болгон кылмыш ишинде жок болгон А.Т. кан группасы О(1)Н анти-А анти-В изогемагглютини менен А.В.О. системасы боюнча антиген-Н топтук бөлүкчөлөр экендиги аныкталгандыгын, атап айтканда, каза болгон М.М. менен белгисиз А.Т. кан группасы бирдей экендигин, андан сырткары, буюм далилери болгон бычакта жана жактоосундагы А.Т. кийимдеринде эч кандай кан издери жоктугун, Андан сырткары, аба ырайынын, курт кумурскалардын жүрүшүн жана башка жагдайлар болуп турган учурда ошол жердеги топуракта кан он күндөн ашык кантип сакталып калгандыгы кызыктуу жана эксперимент кылынууга жатат деп эсептээрин. А.Т.го карата дайындалган СМЭ 25.10.2021-жылдагы №442 сандуу корутундусунда анын он кашынын тушундагы кесилген жаракат пайда болуу механизми кесип кетүүчү нерселердин таасиринен келип чыккан жана бул нерселер бычак жана бычака окошош нерселер экендиги көрсөтүлгөндүгүн, аталган жаракатты пайда болуу мөөнөтү окуянын баянында көрсөтүлгөн убакытка дал келүүсү мүмкүн деп так көрсөтүлүп турарын. А.Т. өзүнүн акыркы берген көрсөтмөсүндө каза тапкан М.М. анын үйүнө бастырып кирип барып, ага карата колундагы бычагы менен аны өлтүргөнгө аракет кылып, башына колундагы бычак менен урган учурда, он кашына тийип кесип кеткендигин, ал өзүн-өзү коргонуп, аны менен бычак талашып жаткан учурда М.М.тун ичине бычак кирип кеткендигин жана М.М. анын үйүнөн качып чыгып кеткенден кийин эшигин ичинен жаап танга маалга чейин коркуп үйүндө отургандыгын көрсөткөндүгүн, эртеси күнү сыртка чыкканда М.М. анын үйүнүн артында каза болуп жаткандыгын көрүп, үйүнөн алысраак жерге алып барып, көмүп койгондугун көрсөткөндүктөн соттун өкүмүн жокко чыгарып, А.Т. кыймыл аракетин Кыргыз Республикасынын К. 124-бер. менен квалификациялап берүүнү сураган.

Апелляциялык даттанууга карата мамлекеттик айыптоочу Р.Ш. каршы пикир келтирип, анда А.Т. 08.10.2021-жылы хххххх районунун хххххх а/ө ххххх айылына 24.07.1982 ж.т. М.М.дун үйүнө барып, ал күнү алардын үйүндө түнөп калып, эртеси 9-октябрь күнү түшкү убакта экөө чогуу хххх районунун Мады айылына келишкендигин, спирт ичимдигин ичишип, кечки саат 20:00 чамасында А.А. автоунаасын 150 сомго жалдап, М.М. жана А.Т. экөө А.Т. үйүнө чогуу барышып, саат 23-00 чамасында, сөз талаша кетишип, үйдүн сыртындагы кире бериш жериндеги дубалдын текчесинде турган аш бычакты алып, М.М.дун ичине бир жолу сайып жибергендигин, кийин анын жансыз денесин арабага салып үйүнөн кетмен алып, өлүктү сүйрөп, үйүнүн болжолдуу бир чакырым алыстыктагы ххххх айылы жана ххххх айылынын үстүнкү түндүк тарапка алып барып өлүктү таштап, чөптөр менен өрттөп жибергендиги. Соттук териштирүүдө А.Т. күнөөсүн мойнуна албагандыгын, бирок анын күнөөсү кылмыш ишине тиркелгендигин, тергөө экспериментинде шектүү А.Т.го тааныш болгон М.М. кандай жагдайда өлтүргөндүгүн баяндап көрсөтүп берген көрсөтмөлөрү тартылган DVD диск жана шектүү А.Т.ду суракка алуу учурунда ал жабырлануучу М.М.ду кандай жагдайда өлтүргөндүгүн баяндап айтып берген 9 минут 15 секундалык видео тасма, андан тышкары шектүү А.Т. көрсөтмөлөрүн жеринде текшерүү учурунда ал жабырлануучу М.М.ду кайсыл жерде кандай жагдайда өлтүрүп анын жансыз денесин жашыруу максатында өрттөп денесин жарым-жартылай күйдүрүп ээн талаадагы чункурга көмүп кеткендигин баяндап көрсөтүп берген видео тасмалары камтылган дисктер, иш боюнча соттук териштирүүдө суралган жабырлануучунун мыйзамдуу өкүлүнүн, күбөлөрдүн көрсөтмөлөрү жана иш ичиндеги материалдар менен толук далилденгендиктен хххх райондук сотунун 2022-жылдын 07-июлундагы өкүмүн жокко чыгарууга негиз жок экендигин көрсөткөн.

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда

Сот отурумунда айыпталуучу А.Б.Т. күнөөсүн мойнуна албай, апелляциялык даттануунуну канааттандырып берүүнү сурады.
Сот отурумунда жактоочу Д.К.К. апелляциялык даттанууусунда көрсөтүлгөн жүйөлөрүн толугу менен колдоп, А.Т. кыймыл аракетин Кыргыз Республикасынын К. 124-бер. менен квалификациялап, аппеляциялык даттанууусун канаатандырып берүүнү суранды.
Мамлекеттик айыптоочу А.Э. хххх райондук сотунун 2022-жылдын 07-июлундагы өкүмүн өзгөртүүсүз, жактоочу Д.К.К. апелляциялык даттанууусун канааттандыруусуз калтырууну суранды.

Соттук коллегия кылмыш иштин материалдарын изилдеп, апелляциялык даттануунун жүйүөөлөрүн талкуулап, айыпталуучунун, жактоочунун жана мамлекеттик айыптоочунун жарыш сөздөрүн угуп, аларга ар тараптуу баа берип төмөндөгүдөй жыйынтыкка келет.

Кыргыз Республикасынын КЖПКнин 408-бер. талабына ылайык, апелляциялык инстанциядагы сот даттануулар, сунуштар боюнча биринчи инстанциядагы соттун өкүмүнүн мыйзамдуулугун, негиздүүлүгүн жана адилеттүүлүгүн текшерет.

Кыргыз Республикасынын КЖПКнин 413-бер. 6-б. ылайык, чечим кабыл алууда апелляциялык инстанция өзүнүн чечимин негиздөө үчүн соттун апелляциялык отурумга чакырылбаган, бирок биринчи инстанциядагы сотто суракка алынган адамдардын сотто айтылган көрсөтмөлөрүнө шилтеме жасоого укуктуу.
Биринчи инстанциядагы сотто жабырлануучу М.М.А.н мыйзамдуу өкүлү М.И.А., айыпталуучу окуя болоорго бир күн мурда алардын үйүнө келип жаткандыгын, алар сүмөлөк кайнатабыз деп даярдык көрүп жатышкан маал болгондугун, ошол күнү агасы менен айыпталуучу спирт ичимдигин ичишкендигин, түштөрдө айыпталуучу үйүмө кеттим деп чыгып кеткендигин, анын артынан байкеси ээрчип чыгып кеткендигин, артынан анын кайненеси ххххх дагы кошо чыгып, алар чогуу ххххх районуна чейин келишип, кайын энеси алар менен тамактанып бүтүп үйүнө кетип, ал эми агасы менен А.Т. ххххге кетишкенин, андан кийин байкесинин телефонуна чалып такыр байланыша албай коюшкандыгын, А.Т.го чалып сураганда балдар менен жаңгакка кетти дегендигин, 17-октябрда сүмөлөк кайнатып ага айыпталуучу дагы келгендигин, ошондо анын жүрүм-турумунда өзгөрүүлөр болгондугун байкагандыгын, ал колун тез-тезден жууп, машина келе жатканда тура калып, союп жаткан малын таштап ары-бери басып кетип жатканын байкагандыгын, белим ооруп жатат дегенин, ошондой эле, кашынын үстү сыйрылып калганын байкап эмне болгондугун сураса ат башы менен сүзүп алгандыгын айткандыгын. Сүмөлөктөн кеткенден кийин дагы телефондон апасы менен байланышта болуп тургандыгын, агасынын сөөгү табылган күнү апасына чалып, сөөк табылгандыгын айтып кабарлагандыгын, келинчеги, иниси экөө келип агасын кийимдеринин үзүндүсүнөн, кайыш курунан таанышкандыгын, телефону сынык абалда болгондугун, айыпталуучу менен апасын беттештиргенде ал күнөөсүн мойнуна алып байкеси экөө урушуп кетип, бычак менен сайып салгандыгын айтып бергенде эшиктин жанында туруп уккандыгын, байкесинин ал айылда А.Т.дон башка таанышы болбогондугун көрсөтүп, акыйкат чечим чыгарууну сураган.

Айыпталуучу А.Т. күнөөсү соттук отурумда иликтенген далилдер жана иштин ичиндеги топтолгон төмөнкү материалдар менен толук далилден. деп соттук коллегия эсептейт.
- 2021-жылдын 21-октябрындагы окуя болгон жерге кароо жүргүзүү протоколу менен хххх айылынын ххххх жана ххххх участкаларынын жогору жагында жайгашкан ээн талаада 1,6-2м. чуңкурлуу аңдуу жеринде белгисиз адамдын сөөгү табылгандыктан кароо жүргүзүлгөн, фототаблицалары менен /т.1 и.б. 7-17/;

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда

- 2021-жылдын 22-октябрындагы өлүккө кароо жүргүзүү протоколу менен /т.1 и.б. 19-20/;
- 2021-жылдын 22-октябрындагы буюм далилдерге кароо жүргүзүү протоколу менен өлүктүн үстүндө кийип турган кийимдерине 1 даана кара түстөгү толстовка, 1 даана “GLISSADE” үлгүсүндөгү үстүнө кийүүчү спорттук кийим, 1 даана кара түстөгү футболка, 1 даана кайыш кур (офицерский ремень), 1 даана көк түстөгү жынсы шым, 1 даана көгүш түстөгү трусы, 1 даана “хххххх” үлгүсүндөгү кол телефонго кароо жүргүзүлгөн, фототаблицалары менен /т.1 и.б. 21-25/;
- 2021-жылдын 22-октябрындагы токтому менен жогорудагы кийимдер жана буюмдар жазык ишине далил зат деп табылган /т.1 и.б. 26/;
- 2021-жылдын 23-октябрындагы өлүктү таанытуу үчүн көрсөтүү протоколдоруна ылайык М.К.А. жана А.к.А.үрөк табылган өлүктүн үстүндө кийип турган кийимдеринен М.М.А. таандык экендигин көрсөтүшкөн /т.1 и.б. 61-62/;
- 2021-жылдын 24-октябрындагы А.Т.ду күбө катары жана шектүү катары сурак кылуу протоколдоруна ылайык, ал М.М.ду кандай жагдайларда өлтүрүп жана өлүктү кайда жашыргандыгын айтып берген /т.1 и.б. 80-83, 89-92/;
- 2021-жылдын 24-октябрындагы көрсөтмөлөрдү жеринде текшерүү протоколу менен А.Т. өзүнүн көрсөтмөлөрүн жеринде көрсөтүп берген, фототаблицалары менен /т.1 и.б. 95-105/;
- 2021-жылдын 24-октябрындагы буюм далилдерге кароо жүргүзүү протоколу менен А.Т. окуя болгон күнү кийип жүргөн 1 даана көгүш түстөгү жынсы шым, 1 даана көгүш түстөгү “ххххх” үлгүсүндөгү жакалуу толстовка, 1 даана күрөң түстөгү футболка, 1 даана күрөң боз түстөгү жеңи жок кийизден тигилген кемзир, 1 даана сабы жыгачтан болгон узуну 85,8 см, башынын узуну 17 см, туурасы 15 см болгон - кетмен, 1 даана кол араба, арабанын дөңгөлөгү 27 см жерден бийик, араба эки сабы бар, сабы менен узундугу 160 см, арабанын калагынын узуну 75 см, туурасы 60 см, 1 даана сабы көк түстөгү узундугу 24,5 см, туурасы 2 см болгон бычак, 1 даана сары түстөгү “ххххх” үлгүсүндөгү зажигалка жана М.М. каза болгон жерден алынган кандын катыганына окшогон жалбырактар жана топуракка кароо жүргүзүлгөн, фототаблицалары менен /т.1 и.б. 106-112/;
- 2021-жылдын 24-октябрындагы токтом менен жогоруда көрсөтүлгөн кийимдер менен буюмдар, жазык ишине далил зат деп табылган /т.1 и.б. 113-114/;
- 2021-жылдын 24-октябрындагы буюм далилине кароо жүргүзүү протоколу менен шектүү Т.А.Б.ти суракка алуу учурунда, ал жабырлануучу М.М.А. кандай жагдайда өлтүргөндүгүн баяндап айтып берген 9 минут 15 секундалык видео тасма, андан тышкары шектүү А.Т. көрсөтмөлөрүн жеринде текшерүү учурунда, ал жабырлануучу М.М.ду кайсыл жерде, кандай жагдайда өлтүрүп, анын жансыз денесин жашыруу максатында өрттөп, денесин жарым-жартылай күйдүрүп, ээн талаадагы чуңкурга көмүп кеткендигин баяндап, көрсөтүп берген 9 минут 20 секунд, 0 минут 19 секунд, 0 минут 30 секунд жана 4 минут 27 секундалык кыска видео тасмалары камтылган дисктерге кароо жүргүзүлүп, токтомдун негизинде ДВД диск жазык ишине далил зат деп табылган /т.1 и.б. 115-117/;
- 2021-жылдын 27-октябрындагы Соттук-медициналык экспертизанын №442 корутундусуна ылайык, 19.08.1972-ж.т. Т.А.Б.тин денесиндеги жаракаттары: сол акырек сызыгы боюнча 5-кабыргасынын тушундагы көгөргөн жери, сол акырек сызыгы боюнча 4-кабыргасынын тушундагы, башынын чоку бөлүгүндөгү, мурун бөлүгүндөгү тырыктары, оң кашынын тушундагы кесилген жараaты менен мүнөздөлөт.
Денесинен алган жаракаттардын ичинен сол акырек сызыгы боюнча 4-кабыргасынын тушундагы, башынын чоку бөлүгүндөгү тырыктары пайда болуу механизми боюнча

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда

кесип кетүүчү нерселердин таасиринен келип чыккан. Аларга бычак, бычакка окшош нерселер кирет. Саламаттыкка келтирилген залалдыгы боюнча оордук даражасы Саламаттыктын кыска мөөнөттүнө бузулушуна же болбосо эмгекке жөндөмдүүлүктү убактылуу жоготууга алып келген Жеңил дене жараат категориясына кирет, себеби ден-соолуктун калыптануусуна 7-күндөн ашкан, 21-күндөн ашпаган мөөнөттү талап кылат. Жарааттын пайда болуу мөөнөтү окуянын баянында көрсөтүлгөн убакытка дал келбейт жана убакыттын өтүп кеткендигине байланыштуу мөөнөтүн так аныктоого мүмкүн эмес.
Денесинен алган жаракаттардын ичинен мурун бөлүгүндөгү тырыгы пайда болуу механизми боюнча катуу, жумуру нерселердин таасиринен келип чыккан. Аларга кол (муштум) ж. б. ушул сыяктуу нерселер кирет. Саламаттыкка келтирилген залалдыгы боюнча оордук даражасы Саламаттыктын кыска мөөнөттүнө бузулушуна же болбосо эмгекке жөндөмдүүлүктү убактылуу жоготууга алып келген жеңил дене жараат категориясына кирет, себеби ден-соолуктун калыптануусуна 7-күндөн ашкан, 21-күндөн ашпаган мөөнөттү талап кылат. Жарааттын пайда болуу мөөнөтү окуянын баянында көрсөтүлгөн убакытка дал келбейт жана убакыттын өтүп кеткендигине байланыштуу мөөнөтүн так аныктоого мүмкүн эмес.
Денесинен алган жаракаттардын ичинен сол акырек сызыгы боюнча 5-кабыргасынын тушундагы көгөргөн жери механизми боюнча катуу, жумуру нерселердин таасиринен келип чыккан. Аларга кол (муштум) ж. б. ушул сыяктуу нерселер кирет. Саламаттыкка келтирилген залалдыгы боюнча оордук даражасы Саламаттыктын кыска мөөнөтүнө бузулушуна же болбосо эмгекке жөндөмдүүлүктү убактылуу жоготууга алып келбеген жеңил дене жараат категориясына кирет, себеби ден-соолуктун калыптануусуна 7-күндөн ашпаган мөөнөттү талап кылат. Жарааттын пайда болуу мөөнөтү окуянын баянында көрсөтүлгөн убакытка дал келбейт, себеби эксперттин кароосуна чейин 5-6 күн мурда пайда болгон.
Денесинен алган жаракаттардын ичинен оң кашынын тушундагы кесилген жарааты пайда болуу механизми боюнча кесип кетүүчү нерселердин таасиринен келип чыккан. Аларга бычак, бычакка окшош нерселер кирет. Саламаттыкка келтирген залалдыгы боюнча оордук даражасы Саламаттыктын кыска мөөнөтүнө бузулушуна же болбосо эмгекке жөндөмдүүлүктү убактылуу жоготууга алып келген жеңил дене жараат категориясына кирет, себеби ден-соолуктун калыптануусуна 7 күндөн ашкан, 21 күндөн ашпаган мөөнөттү талап кылат. Жарааттын пайда болуу мөөнөтү окуянын баянында көрсөтүлгөн убакытка дал келүүсү мүмкүн /т.1 и.б. 144-145/;
- 2021-жылдын 22-октябрындагы №112 Соттук-биологиялык экспертизанын корутундусу боюнча, каза болгон: М.М.А.н дене булчуңу (об№1) O(I)H анти-А, анти-В изогемагглютинини менен А.В.О системасы боюнча, изилдөөдө антиген-Н топтук бөлүкчөлөр касиетине ээ.
Эркектердин спорттук кофтасынын калдыгы: (об№2-5) адамдын каны табылган, изилдөөдө антиген-Н чыккан, бул табылган антиген O(I)H кан тобундагы адамдарга таандык.
Футболка (об№6-9) адамдын каны табылган, изилдөөдө антиген-Н чыккан, бул табылган антиген O(I)H кан тобундагы адамдарга таандык.
Ич кийим: (об№ 10-12) адамдын каны табылган, изилдөөдө антиген-Н чыккан, бул табылган антиген O(I)H кан тобундагы адамдарга таандык.
Кеӊ көйнөк: (об№ 13-16) адамдын каны табылган, изилдөөдө антиген-Н чыккан, бул табылган антиген O(I)H кан тобундагы адамдарга таандык.
Жынсы шым: (об№ 17-20) адамдын каны табылган, изилдөөдө антиген-Н чыккан, бул табылган антиген O(I)H кан тобундагы адамдарга таандык /т.1 и.б. 155-158/;

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда

- 2021-жылдын 22-октябрындагы №119 Соттук-биологиялык экспертизанын корутундусунда, каза болгон: М.М.А.н дене булчуңу (об№1) O(I)H анти-А, анти-В изогемагглютинини менен А.В.О системасы боюнча, изилдөөдө антиген-Н топтук бөлүкчөлөр касиетине ээ.
Шектүү: Т.А.Б. канынын тобу (об№2,3) O(I)H анти-А анти-В к изогемагглютинини менен А.В.О системасы боюнча, шилекейин изилдөөдө антиген- Н топтук бөлүкчөлөр касиетине ээ.
Топурак: (об.№4-6) адамдын каны табылган, изилдөөдө антиген-Н чыккан, бул табылган антиген O(I)H кан тобундагы адамдарга таандык.
Жалбырактар, эркектердин кемзири, спорттук костюм, шым, кетмен, араба: (об№7-9), (об№10-11), (об№12-13), (об№14-16), (об№17-18), (об№19-20) изилдөөдө адамдын каны табылган жок.
Бычак, футболкада шектүү так жок деп көрсөтүлгөн /т.1 и.б. 159-163/;
Амбулатордук Соттук-психиатриалык экспертизанын 2021-жылдын 10-ноябрындагы жана Стационардык комиссиялык Соттук-психиатриалык экспертизанын №3 2022-жылдын 06-январындагы корутундулары боюнча 1972-жылы туулган, Т.А.Б. психикалык оорулар менен жабыркабайт. Кылмыш жасоо учурунда анда аффект абалы болгон эмес, ошондой эле, эч кандай психикалык, же убактылуу психикалык жактан жабыркоо болгон эмес. Өзүнүн жасаган аракеттерине жооп берип, аларды башкара алган. Ошондуктан А.Т.ду акыл-эси соо (вменяемый) деп эсептейт. Мажбурлап дарылоо чараларын колдонууга муктаж эмес (Т.А.Б. 1972г.р. признаков психического заболевания не обнаруживает. Во время совершения правонарушения никакого временного болезненного расстройства психической деятельности и состояние аффекта не было. Мог в момент совершения правонарушения и может в настоящее время отдавать себе отчет в своих действиях и руководить ими. Поэтому Т.А.Б., отношении инкриминируемого ему деяния следует считать вменяемым. В принудительных мерах медицинского характера не нуждается) /т.1 и.б. 164; т.1 и.б. 238- 242/;
- 2021-жылдын 22-октябрындагы №49 Соттук-медициналык экспертизанын корутундусунда, причина смерти труппа М.М.А. 1982г.р. не установлена в связи с поздними трупными явлениями-гнилостными изменениями внутренних органов и мягких тканей трупа, что подтверждается отсутствие трупных пятен и трупного окоченения. Полное отсутствие кожных покровов и подлежащих мягких тканей верхней и нижней конечностей, грудной клетки, органов брюшной полости (кожных покровов, подлежащих мягких тканей и внутренних органов, костей) - частичное скелетирование трупа. Действие высокой температуры-пламени. Частичное обугливание трупа. Кожные покровы черного цвета. Опыление волос. Подвергнутые мягкие ткани к действию высокой температуры.
Методов позволяющих с несомненностью и во всех случаях установить прижизненное или посмертное действие высокой температуры пока не разработано. Литература Касьянов «Судебно-медицинская гистология» издательство Медицина.
Полное отсутствие кожных покровов и подлежащих мягких тканей верхних и нижних конечностей, грудной клетки, брюшной области (кожных покровов, подлежащих мягких тканей и внутренних органов, костей) у трупа М.М.А. 1982г.р., могли образоваться посмертно, от воздействия тупых твердых предметов. Не исключается действие зубов животных (собаки, лицы, шакалы), а также грызунов (мыши, крысы и т.д.).
При исследовании трупа М.М.А. 1982г.р. в сохранившейся части тела (череп, наружные половые органы, нижние конечности) каких-либо телесных повреждений в виде ссадин, кровоподтеков, ран, трещин или переломов не обнаружено.

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда

При судебно-химическом исследовании трупа М.М.А. 1982г.р., этиловый спирт в мышца не обнаружен) деп көрсөтүлгөн /т.1 и.б. 209-211/;
- 2022-жылдын 21-январындагы №7 Соттук-криминалисттик экспертизанын корутундусуна ылайык, изилдөөгө берилген бычак заводдо жасалган, муздак куралдарга кирбейт. Ашканада колдонулуучу бычак катары жасалган /т.2 и.б. 8-9/;
- 2022-жылдын 29-январындагы тергөө экспериментин жүргүзүү жөнүндө протоколго ылайык, жабырлануучу тарап кылмыш окуясын айыпталуучу жалгыз жасагандыгына күмөндөр болгондуктан өткөрүлгөн, фототаблицалары менен /т.2 и.б. 47-59/;
- 2022-жылдын 29-январындагы протокол менен буюм далилдерге кароо жүргүзүлүп, тергөө эксперименти учурунда шектүү Т.А.Б. өзүнө тааныш болгон М.М.А. кандай жагдайда өлтүргөндүгүн баяндап көрсөтүп берген көрсөтмөлөрү тартылган 17 минут 12 секундалык видео тасма камтылган DVD диске кароо жүргүзүлгөн, ушул эле күндөгү (29.01.2022-жыл) токтомдун негизинде, DVD диск жазык ишине далил зат деп табылган /т.2 и.б. 61-62/;
- 2022-жылдын 16-февралындагы №29 Соттук өрттүк-техникалык экспертизанын корутундусунда, далил болгон кийимдерде өрттүн белгилери байкалат (чала күйгөн абалда). Өрттүн келип чыгуусуна тышкы факторлор жок болгон учурда далил буюмдар өзүнөн-өзү күйүп кетүүсү мүмкүн эмес. Далил буюмдарда байкалган өрттүн издери кылмыш ишин жашыруу максатында атайын өрттөөдөн улам келип чыгышы мүмкүн /т.2 и.б. 109/;
- 2022-жылдын 16-февралындагы жабырлануучунун мыйзамдуу өкүлү И.М. менен А.Т.ду беттештирүү протоколунда, А.Т. окуянын жагдайларын толук баяндап, жабырлануучуну кандай негиздерде өлтүргөндүгүн жана кылмыш издерин кандай кылып жашыргандыгы тууралуу айтып берген /т.2 и.б. 112-115/;
Ал эми айыпталуучунун соттук териштирүүдө көрсөтмөсүн өзгөртүп, аны кыйноолордун натыйжасында айыпты мойнуна койгондугун көрсөткөндүгүн жаза жоопкерчилигинен качуу аракети деп соттук коллегия эсептейт.

Анткени 2022-жылдын 17-февралындагы токтом менен А.Б.Т. “милиция кызматкерлери тарабынан ур-соккуга алынгандыгы” жөнүндө берген көрсөтмөсү боюнча иштин ичинен өзүнчө материал бөлүнүп алынып, тергөөнүн караштуулугу боюнча тиешелүү мекемелерге жиберилген /т. 2 и.б. 17-18/.

Биринчи инстанциядагы сот тарабынан Т.А.Б.тин кылмыш аракети Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 122-беренесинин 1-бөлүгү менен, б.а. адам өлтүрүү – башка кишинин өмүрүн кыюу деп туура квалификацияланган деп соттук коллегия эсептейт, анткени ал жабырлануучу М.М.ду өлтүрүп, өмүрүн кыйган. Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун «Киши өлтүрүүлөр жөнүндөгү жана саламаттыкка оор залал келтирүүдөн жабырлануучунун өлүмүнө алып келген иштер боюнча соттук тажрыйба тууралуу» токтомунун 10-бөлүгүнө ылайык, кылмышты жашыруу максатында өлүктү жок кылуу же айрым бөлүктөргө ажыратуу киши өлтүрүү өзгөчө мыкаачылык менен жасаган деп квалификациялоого негиз болбойт.

Демек, биринчи инстанциядагы соттун айыпталуучу А.Б.Т.го карата кабыл алган айыптоо өкүмү мыйзам талабына жооп берет.

Соттук коллегия иштин материалдарын изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча биринчи инстанциядагы сот ишти ар тараптуу изилдеп, далилдерге туура баа берүү менен негиздүү жыйынтыкка келген деп эсептейт.

Ал эми, жактоочу Д.К.К. апелляциялык даттануусунда көрсөтүлгөн жүйөөлөр соттук актыны жокко чыгарууга же өзгөртүүгө негиз боло албайт.

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда

Мындай жагдайда, соттук коллегия хххх райондук сотунун 2022-жылдын 07-июлундагы өкүмү өзгөртүүсүз, ал эми апелляциялык даттануу канааттандыруусуз калтырылууга жатат деп эсептейт.
Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза процессуалдык кодексинин 417-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык, апелляциялык инстанциядагы сот ишти кароонун натыйжалары боюнча биринчи инстанциядагы соттун өкүмүн өзгөртүүсүз, ал эми апелляциялык даттанууну канааттандыруусуз калтыруу жөнүндө өкүм чыгарат деп көрсөтүлгөн.

Жогорудагылардын негизинде жана Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза процессуалдык кодексинин 416,417-беренелерин жетекчиликке алып, соттук коллегия

Ө К Ү М К Ы Л А Т :

хххх райондук сотунун 2022-жылдын 07-июлундагы Т.А.Б. жөнүндө өкүмү өзгөртүүсүз, апелляциялык даттануу канааттандыруусуз калтырылсын.

Өкүм токтоосуз мыйзамдуу күчүнө кирет.

Өкүмгө наразы тарап Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна кассациялык даттануу же сунуш келтирилиши мүмкүн.

Төрагалык кылуучуО.А.Тункатаров

СудьяларУ.К.Мукамбетов

К.К.Эстебесов

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда